Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№12 [17008] ИШЕМБИ, 18/04/2026

ПРЕЗИДЕНТ САДЫР ЖАПАРОВ ОШ ОБЛУСУНДА УЗАК МӨӨНӨТТҮҮ ИШ САПАРЫНДА БОЛДУ



2-бетте

КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНДАГЫ АЛГЫЛЫКТУУ ИШТЕР



4-бетте

СУУНУ САРАМЖАЛДУУ ПАЙДАЛАНУУ АР БИРИБИЗДИН МИЛДЕТИБИЗ



5-бетте

МЕКЕНЧИЛДИКТИ КАЛЫПТАНДЫРУУ МЕКТЕПТЕН БАШТАЛАТ



8-бетте

АЛМАШУУ БЮРОЛОРДУН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ



3-бетте

ПРЕЗИДЕНТ САДЫР ЖАПАРОВ ОШ ОБЛУСУНДА УЗАК МӨӨНӨТТҮҮ ИШ САПАРЫНДА БОЛДУ

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров Ош облусуна болгон иш сапарынын жүрүшүндө Ноокат районунун активи жана тургундары менен түз диалог өткөрдү. Жолугушуунун жүрүшүндө тургундар таза ичүүчү суу менен камсыздоо, жол инфраструктурасынын абалы, мектептерди жана бала бакчаларды куруу жана иштетүү, ошондой эле жер тилкелерин каттоо жана мүлктүк талаш-тартыштарды чечүү маселелерин көтөрүштү.







Жарандардын укуктарын коргоо маселелерине, анын ичинде курулуш компанияларынын ишине, соттук тергештирүүлөргө жана укук коргоо органдарынын ишине байланыштуу маселелерге өзгөчө көңүл бурулду. Муну менен катар калктын социалдык жактан аялуу катмарларын колдоо, турак жай менен камсыз кылуу, ошондой эле этникалык кыргыздар үчүн документтештирүү жол-жоболорун жөнөкөйлөтүү боюнча кайрылуулар болду.

Диалогдун жүрүшүндө билим берүү системасын өнүктүрүү, окутуу усулдарын өркүндөтүү, педагогдордун эмгегин таануу, ошондой эле маданий демилгелерди жүзөгө ашыруу маселелери көтөрүлдү. Айрым кайрылуулар санитардык абалга, калктуу конуштарды көрктөндүрүүгө жана көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтардын сапатын жакшыртууга байланыштуу болду.

Президент эл менен түз диалогдун маанилүүлүгүн баса белгилеп, бардык айтылган маселелер системалуу жана өз убагында чечүүнү талап кылаарын билдирди. Садыр Жапаров ошондой эле 10-майдан баштап бардык айыл өкмөттөрүндө эл менен жолугушуулар өткөрүлөрүн айтты. Ага жергиликтүү





бийлик органдарынын, укук коргоо жана сот органдарынын жетекчилери катышат. Бул иш жарандардын кайрылууларына түздөн-түз жеринде ыкчам жооп берүү үчүн уюштурулууда.

Жолугушуунун жыйынтыгында Мамлекет башчысы тиешелүү түзүмдөргө көтөрүлгөн маселелерди ар тараптуу иштеп





чыгуу, зарыл чараларды көрүү жана жарандардын укуктарынын сакталышына жана социалдык маанилүү долбоорлордун ишке ашырылышына көзөмөлдү күчөтүү боюнча тапшырмаларды берди.

Буга чейин мамлекет башчысы Ош шаарынын, Алай, Араван, Кара-Кулжа, Кара-Суу, Өзгөн, Чоң–Алай райондорунун тургундары менен жолугушуп, маселелерин жана көйгөйлөрүн угуп, суроолоруна жооп берди.

Президент Ош облусунун Ош шаарына жана райондоруна болгон иш сапарынын алкагында бир катар мектептердин курулушуна капсула салды жана бир топ обьектилердин ачылышына катышты. Атап өтсөк, Ош шаарында он мектептин курулушуна капсула салды. Араван районунда Э.Кебекбаев атындагы 150 орундуу мектептин ачылышына катышты. Кара -Суу -районунда жаңы Үй- бүлөлүк медицина борборунун, Алай жана Кара- Кулжа райондорунда заманбап маданий жана калкты тейлөө борборлорунун ачылышына катышты. Ошондой эле Чоң- Алай районундагы Кара -Мык чек ара заставасына барды.

Садыр Жапаров иш сапарынын жүрүшүндө аталган райондордун өнүгүү пландары, эс алуу паркы жана стадиондун реконструкциялоо долбоорлору менен таанышты. Мамлекет башчысы пландалган курулуштарды жана долбоорлорду сапаттуу жана өз мөөнөтүндө ишке ашыруунун маанилүүлүгүн белгилеп, социалдык жана спорттук инфратүзүмдөрдү өнүктүрүү калктын жашоо деңгээлине түздөн түз таасир берээрин айтты.

Даярдаган:
К.Кыдыралиева.

АЛМАШУУ БЮРОЛОРДУН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

Бүгүнкү күндө көпчүлүгүбүз нак чет өлкө валютасын алмаштырууда банктардын же алмашуу бюролорунун кызматын колдонууга муктажбыз. Ошондуктан газетанын бул санында алмашуу бюролордун ишмердүүлүгү жөнүндө маалымат алуу үчүн КР Улуттук банкынын Ош областтык башкармалыгынын инспектору Жоробаев Нурбек Самидиновичке кепке тарттык.



- Нурбек Самидинович, айтсаңыз, Алмашуу бюросу деген эмне? Каалаган эле адам акча алмаштыруучу болуп кете алабы же кандайдыр бир талаптар барбы?

-Акча алмашуу бюросу – деп, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын лицензиясына ылайык, нак чет өлкө валюталары менен алмашуу операцияларын жүргүзүү үчүн юридикалык жак тарабынан түзүлгөн атайын жабдылган пунктту айтабыз. Юридикалык жактардын алмашуу бюросунун нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүүсү, Улуттук банктын нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензиясын алгандан кийин гана жүзөгө ашырылат. Лицензия беш жылдык мөөнөткө берилет жана ал тийиштүү бюронун ажырагыс бөлүгү болуп саналып, аны үчүнчү тарапка берүүгө болбойт. Нак чет өлкө валюталары менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна ээ бир юридикалык жак төрт кошумча алмашуу бюросун ачууга укугу бар. Алмашуу бюролору өлкөнүн валюта рыногунун туруктуулугуна чоң салым кошот. Алар калкты тез, ыңгайлуу жана жеткиликтүү валюта алмаштыруу кызматы менен камсыз кылат. Ошондой эле туристтик агымды жана эл аралык сооданы колдоого жардам берет. Жыйынтыктап айтканда, алмашуу бюролору мыйзам чегинде иш алып баруу менен экономикада маанилүү рол ойнойт. Алмашуу бюролордун ишмердүүлүгү так жөнгө салынып, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан көзөмөлдөнгөндүктөн, кардарлар үчүн коопсуз жана ишенимдүү шарт түзүлөт.

-Алмашуу бюролору Улуттук банктын лицензиясынын негизинде кандай иштерди жүргүзсө болот жана алардын иштеринде кандай чектөөлөр бар?

-Алмашуу бюросу Улуттук банктын лицензиясынын негизинде жүгүртүү каражаттарынын эсебинен жана өзүнүн атынан төмөнкү алмашуу операцияларын жүргүзө алат:

а) нак чет өлкө валютасын накталай улуттук валютага сатып алуу;

б) нак чет өлкө валютасын накталай улуттук валютага сатуу.

Лицензиатка төмөнкүлөр тыюу салынат:

- юридикалык жактардан жана жеке адамдардан мөөнөттүүлүк, төлөөгө жөндөмдүүлүк жана кайтарымдуулук шарттарында акча каражаттарын тартууга;

- акча каражаттарын (чет өлкө же улуттук валютаны) мурда макулдашылган алмашуу курсу боюнча алдын ала төлөө катары кабыл алууга;

- лицензиаттын менчиги болуп саналбаган, акча каражаттарын сактоого кабыл алууга;

- лицензияда түздөн-түз көрсөтүлбөгөн башка операцияларды жүргүзүүгө.

-Алмашуу бюролорунун кызматын колдонууда эмнелерге көңүл буруш керек?

-Алмашуу бюролору жайгашкан ордуна көз карандысыз, нак чет өлкө валюталары менен алмашуу операцияларын жүргүзүүдө салык органдарында катталган фискалдык функциялары менен контролдук-кассалык машиналарды же фискалдык карта менен жабдылган компьютерлерди колдонууга милдеттүү. Алмашуу бюролору нак чет өлкө валютасын сатып алуу жана сатуу курсу жөнүндөгү маалыматтарды чагылдырган маалымат тактасы менен жабдылууга тийиш.

-Ар бир алмашуу бюросунда төмөнкү маалыматтар кардарларга көрүнө турган жерде илинип турушу шарт:

- алмашуу бюросун ачкан юридикалык жактын аталышы, аты-жөнү;

- алмашуу бюросунун лицензиясы;

- алмашуу бюросунун жетекчисинин аты-жөнү, кызматы;

- алмашуу бюросун ачкан юридикалык жактын алмашуу бюросуна ишке тартылган кызматкерлеринин аты-жөнү;

- алмашуу бюросунун иштөө тартиби;

- кардарлар үчүн маалыматтар жана аларды тейлөө тартиби.

-Ал эми валюталар курсу тууралуу маалымат такталарына карата кандай талап коюлган?

-Маалымат тактасы алмашуу бюросунда чет өлкө валюталарынын бардык түрлөрү боюнча аларды сатуу жана сатып алуу курстары жөнүндө так маалыматтарды камтып турууга тийиш. Маалымат тактасында көрсөтүлбөгөн курс боюнча нак чет өлкө валютасын сатып алуу жана сатууга жол берилбейт. Чет өлкө валюталарын сатып алуу жана сатуу курстары үтүр менен бөлүнгөн бүтүн сандан кийин төрт ондук белгиге чейин белгиленет. Үтүр менен бөлбөй туруп же үтүрдөн кийин төрттөн ашык белги менен көрсөтүү аркылуу валюта курстарын белгилөөгө, ошондой эле кардарларды валюта курстары боюнча адаштырууга алып келген башка аракеттерге тыюу салынат.

Алмашуу бюролору нак чет өлкө валюталарын сатып алууда, сатууда же алмаштырууда төлөм каражаты статусун жогото элек акча белгилеринин наркына, чыгарылган жылына жараша кайсы бир чектөөлөрдү киргизүүгө жана ар кандай курстарды белгилөөгө укугу жок. Алмашуу бюролору, аныктыгына шек туудурбаган чет өлкө валюталарынын банкноттору менен алмашуу операцияларын жүргүзүү учурунда комиссиялык төлөмдөрдү өз алдынча белгилөөгө жана алууга укугу бар, эгерде, алардын төмөнкүдөй кемчиликтери бар болсо:

- баштапкы өңү өчүп же боёк төгүлүп калган;

- басып чыгарууда айкын кемчиликтер кетирилген;

- айрылып, чапталган болсо жана айрылып калган бөлүктөрү бир эле банкнотко таандык болсо;

- четтери тытылып айрылган, тешилип



калган;

- чети күйүп калган.

Алмашуу бюросу кардардын талабы боюнча берилүүчү нак чет өлкө валютасын валюта детектору аркылуу кардардын көз алдында текшерип берүүгө милдеттүү.

Кардар, чет өлкө валютасын сатып алуу-сатуу учурунда, эсептешүүлөрдүн тууралыгын кассадан алыс кетпей текшерүүгө тийиш. Эгерде, эсептешүүлөрдүн туура эмес экендиги аныкталган шартта, кардар берилген сумманы толугу менен алмашуу бюросунун кассирине кайра эсептөө үчүн берүүсү керек. Ал эми кассир эсептешүүлөр учурунда жаңылыштык кетирсе, жетпеген сумманы толуктап берүүгө жана кардардын көзүнчө бирден кайра санап чыгууга милдеттүү. Акча алмаштыруу менен кардарга кассалык чек жана зарылчылыгына жараша маалым кат-сертификат да кошо берилет.

-Эгерде, алмашуу бюросунда Улуттук банктын лицензиясы жок болсо кандай жоопко тартылат?

-Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарын бузууга жол бербөө максатында, Улуттук банк тарабынан валюта рыногунун катышуучуларынын ишине инспектордук текшерүүлөр үзгүлтүксүз негизде жүргүзүлүп турат.

Алмашуу бюролору Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана Улуттук банктын ченемдик актыларын сактоого тийиш. Эгерде алмашуу бюросу Улуттук банктын тиешелүү лицензиясы жок иш алып барса, анда Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 299-беренесине ылайык айып пул салууга алып келет.

Айып пулдун өлчөмү жеке адамдар үчүн – 175 эсептик көрсөткүч (17 500 сом), юридикалык жактар үчүн – 550 эсептик көрсөткүч (55 000 сом).

-Кардарларга акча алмаштыруу боюнча кандай кеңеш-сунуштарыңызды берет элеңиз?

-Мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, кардарларга нак чет өлкө валюталары менен операцияларды жүргүзүүдө тиешелүү Улуттук банктын лицензиялары бар коммерциялык банктардын жана алмашуу бюролордун кызматтарын колдонуу керектигин эскертебиз. Ошондой эле, операцияларды жүргүзүүдө (коммерциялык банктан же алмашуу бюросунан нак чет өлкө валюталарын сатып алуу) операциянын жүрүшүн тастыктаган тиешелүү документтерди сөзсүз түрдө талап кылуу (кассалык чек, маалым кат-сертификат, квитанция ж.б.) зарылдыгын унутпоо керек.

Мындан сырткары, белгилей кетүүчү нерсе, бүгүнкү күндө жеке адамдар накталай чет өлкө валютасын алмаштыруу боюнча кулактандырууларды жарыялаган телеграм, ватсап-каналдары аркылуу акча алмаштырууда алданып калышы толук мүмкүн. Эгерде, ортодо кандайдыр бир талаш-тартыш маселе жаралса, аны далилдөө мүмкүн эмес.

Мындан тышкары, телеграм-каналдарынын катышуучуларында кылмыштын элементтери болушу мүмкүн, ушуга байланыштуу жабдылбаган пункттарда жеке жактар менен акча алмаштыруу өтө коопту. Анын ичинде мындай жагдайлар жарандардын ден соолугуна жана өмүрүнө коркунуч жаратышы, ошондой эле тоноо жана/же алдап кетүү сыяктуу терс көрүнүштөргө алып келиши мүмкүн.

Алдап кетүү, жасалма банкнотторду берип коюу фактылары көбөйүп кеткендигин да белгилеп, Улуттук банк жарандарды акча алмаштыруу операцияларын Улуттук банктан лицензия алган, жабдылган атайын уюмдардан гана жүргүзүүгө чакырат.

Маектешкен:.
К.Кыдыралиева.

КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНДАГЫ АЛГЫЛЫКТУУ ИШТЕР

Ноокат районундагы Кеңеш айыл өкмөтүн тажрыйбалуу жетекчи, мыкты адис, жогорку билимдүү, уюштургуч, өз ишин эң мыкты билген, интеллектуалы бийик, мырза жигит Аманилла Кудратиллаевич Абдылдаев жетектеп келе жатат.

Аманилла Абдылдаев жетекчи болуп келгенден бери айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсү жакшырды. Айыл өкмөтү жергиликтүү калктын жашоо деңгээлин жогорулатууда, социалдык кызматтарды өнүктүрүүдө бир канча пайдалуу жумуштарды аткарышты. Кеңеш айыл өкмөтүнүн аймактарын дагы жолдор оңдолуп, ички жолдорго шагыл төшөлдү. Таза ичилүүчү суу, электр энергиясы камсыздалып жана социалдык обьектилерди оңдоо боюнча иштер жүргүзүлдү.



Билим берүү

Айыл өкмөтүнүн аймагындагы мектептер оңдоп-түзөөдөн өткөрүлүп, окуучулардын билим алуусу үчүн бардык шарттар түзүлгөн. Учурда мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин саны көбөйүп, балдар бакчалардын материалдык -техникалык базасы чыңдалып баратат.

“Алийма-Эне” мектепке чейинки билим берүү мекемесине 1987-жылкы тууулган жарандар тарабынан 950 000 сомго балдар ойноочу аянтча куруп бериштн. Бул да болсо, айылдан билим алышып, балдар үчүн кам көрүшүп, демөөрчүлүк көрсөтүшкөн ишкер, азаматтар.



Кеңеш айыл өмөтүнүн аймагында 5 орто жана бир башталгыч мектеп бар. Жалпысынан алганда. 219 мугалим 2590 окуучуга билим-тарбия берүүшүдө. Азыркы мезгилде жаңы технология мн камсыздоодо 3 даана интерактивдүү панель менен камсыздалып, 24 даана видеокөзөмөл орнотулган. Жергиликтүү бюджеттен көмүргө 1 827 500 сом, түрдүү чыгымдарга 743 300 сом сарпталды. Ал эми балдар бакчалары жөнүндө айтсак, айыл аймагы боюнча 7 бала бакча бар. Учурда 455 бала тарбияланууда, 17 группада 34 тарбиячы эмгектенүүдө. Жергиликттүү бюджеттин эсебинен көмүргө 739 500 сом, түрдүү чыгымдарга 1 43 7900 сом жумшалды. Ошондой эле, 410 тонна көмүр соцпакет катарында 18 жалгыз бой жарандарга акысыз, аз камсыз, көп балалуу үй-бүлөлөргө 1 тоннасы 1700 сомдон берилди.

Саламаттыкты сактоо

Кеңеш айыл өкмөтүнүн айылдарында калктын саламаттыгын сактоодо фельдшердик-акушердик пункттарда замандын талабына жараша медициналык мекемелер ремонттолуп, калкка медициналык кызматкерлер тарабынан калктын ден-соолугу үчүн күрөшүүдө ооруну алдын алуу иш-чараларды өткөрүшөт. Айрыкча, жаш балдарды эмдөө, боюнда бар аялдарды учетко коюу, жүргүзгөн иштери боюнча отчет тапшыруу иштерин жүргүзүшөт.

Айыл чарбасы

Кеңеш айыл өкмөтүнүн эли көбүнчө, картошка, буудай, жүгөрү себишет. Айыл чарба тармагында дыйкандарга колдоо көрсөтүлүп, сугат системасы калыбына келтирилип, жаңы технологияларды колдонушууда. Демек, айыл чарба продукциясынын көлөмү өсүп, дыйкандардын кирешеси жогорулап баратат.



Өзгөчө кырдаал

Айыл аймактын аймагындагы Ак-Терек айылындагы 650 метр аралыктагы селкана эксковатордун жардамы менен тазаланды. Чегеден айылынын Кошчан дарыясында жайгашкан көпүрөнүн жээктерин бекемдөөдө Өзгөчө Кырдаалдар Министрлерлиги тарабынан 60 даана габион торчо, таш сатып алуу үчүн 87 000 сом, торчолорду орнотуу эмгек акысы үчүн азык-түлүк программасынан 150 доллардан 143 880 сом төлөнүп берилди. Куу-Майдан айылындагы сел тосуучу чуңкур Кызыл-Ай коомунан 200 метр дизель менен камсыздалып, техника менен тазалоо жана таштандыларды ташып чыгуу кызматтары жеке ишкер Ө. Муратов тарабынан аткарылды.

Социалдык колдоо

Кеңеш айыл өкмөтүнүн жетекчилиги тарабынан калкты социалдык жактан колдоо, жаштарды жумуш орду менен камсыз кылуу, чакан ишкерликти өнүктүрүү багытында долбоорлорду иш жүзүнө ашырып келишүүдө. Кыргыз ремпубликасынын Министрлер Кабинетинин социалдык контрактын негизинде социалдык жардам берүү жөнүндөгү 2022-жылдын 5-июлундагы №385 токтомунун негизинде 2022-2023—2024-жылдары 151 жаран, 2025-жылы 62 жаран бир жолу берилүүчү 150 000 сомдон акча каражаттарын алып, мал чарбачылыгы, кол өнөрчүлүгү жана балчылык боюнча иш алып барышкан. Натыйжада үй-бүлөлүк киреше табышты.

Инвестиция

Кеңеш айыл өкмөтүнө тышкы жана ички инвестиция тартуу боюнча 2025-жылы жалпысынан 51 679 592 сомдук иштер аткарылып, 3 648 737 сом ашыкча тартылган. Анын ичинен тышкы инвестициядан 1 651 000 сом же болбосо 3,2 %, республикалык бюджеттен 13 366 436 сом же 26 %, жергиликтүү бюджеттен 6 366 171 сом же 12, 4%, жамааттан 12 301 285 сом же 24%, жеке ишкерлерден 17 994 700 сом же 34,4 % тартылгандыгын айтууга болот.

Республикалык бюджеттин дем берүүчү грант, өнүктүрүү фонду тарабынан 3 949 573 сом, жергиликтүү бюджеттен 3 299 379 жамааттын эсебинен 2 545 285 сом Арбын айылындагы муниципалдык спорт зал курулуп, пайдаланууга берилди. Дем берүүчү гранттын эсебинен Шаңкол орто мектебине кичи футболдук аянтча курулду. Ал эми Арбын орто мектебинин эски имаратынын чатыры оңдолду. Жеке ишкер А. Аширбеков тарабынан 16 000 000 сомдук каржылоосу менен Куу-Майдан айылына таш майдалоочу ишкана курулду.

Сугат суу

Жергиликтүү элди сугат суу менен камсыз кылууда “Кеңеш” муниципалдык ишканасы түзүлүп, ички каналдар ременттолуп жана тазаланып, суу пайдалануучуларга сууну өз убагында жеткиришүүдө. Өткөн жылы жалпы арыктардын 10327 м жер техниканын күчү менен тазаланса, 4700 метр жер элдин күчү менен тазаланды.

Жаңы-Арбын, Эски-арбын каналдары Ноокат райондук суу-чарба башкармалыгынын балансына өткөрүлүп берилди. 2026-жылга карата айыл өкмөтүндө өткөрүлгөн жыйында аткарыла турган ишпландарын бекитип алышкан. Кеңеш айыл аймагынын жетекчилиги өзүнүн ишин так билип, өнүгүүгө карата умтулуп, элдин ишенимин актайт деген ойдобуз.

Б. Ысакова.

Араван райондук суу чарба башкармалыгынын башчысы Мавлянжан АЛИМОВ:

“СУУНУ САРАМЖАЛДУУ ПАЙДАЛАНУУ АР БИРИБИЗДИН МИЛДЕТИБИЗ»



Өзүнүн талыкпас эмгеги, такшалган тажрыйбасы жана уюштуруучулук жөндөмү менен айырмаланган инсан-Мавлянжан Камалович Алимов. Ал 1968-жылдын 18-январында Ош облусунун Кара-Кулжа айылында жарык дүйнөгө келген. Мавлянжан Алимов жөнөкөй айыл турмушунун кадырына жетип, эмгек менен тарбияланган муундун өкүлү. Жогорку билимди ал К.И.Скрябин атындагы Кыргыз айыл чарба институтунун гидромелиорация факультетинен алып, 1992-жылы инженер-гидротехник адистиги боюнча ийгиликтүү аяктаган. Анын эмгек жолу 1995-жылы Кара-Кулжа райондук суу чарба башкармалыгында башталып, суу пайдалануу бөлүмүнүн башчысы катары алгачкы жетекчилик тажрыйбасын топтоду. Бул мезгилде ал суу пайдаланууну пландоо, сугат суусун адилет бөлүштүрүү сыяктуу татаал маселелерди чечүүдө өзүнүн тактыгын жана жоопкерчилигин көрсөтө алды. Жаратылыш ресурстарын башкарууда тартип жана адилеттүүлүк канчалык маанилүү экенин дал ушул жылдарда терең өздөштүрдү.

Кийинки жылдары Ноокат райондук суу чарба башкармалыгын жетектеп турганда, анын жетекчилик сапаттары дагы даана ачылды. Райондогу суу чарба объекттерин натыйжалуу иштетүүдө жоопкерчиликтүү чечимдерди кабыл алып, тажрыйбалуу адис катары таанылды. 2006-жылдан тартып дээрлик он жылга жакын Араван-Ак-Буура каналынын башкармалыгын жетектеп, өлкөнүн түштүк аймагындагы эң маанилүү ирригациялык системалардын туруктуу иштешин камсыз кылды. 2016-жылдан 2021-жылга чейин Жайыл райондук суу чарба башкармалыгынын башчысы жана башка кызматтарды аркалаган. Бүгүнкү күндө ал Араван райондук суу чарба башкармалыгынын башчысы катары өзүнүн бай тажрыйбасын, терең билимин жана уюштуруучулук жөндөмүн толук кандуу колдонуп келет. Анын жетекчилиги алдында суу чарба объекттери туруктуу иштеп, дыйкандардын эмгеги үзүрлүү болууда. Мавлянжан Алимов өз ишине берилген адис, жоопкерчиликти бийик койгон инсан, жамаатты алдыга сүрөгөн лидер. Араван-агрардык аймак. Бул жерде жер менен иштеген адамдын мээнети жерге сиңип, суу менен жан кирип, түшүмгө айланып кайтып келет. Табият менен адамдын ортосундагы эң назик байланыш-суу. Ал агып турган жерде турмуш бар, ал жетпеген жерде мээнет акталбай калат.

Биз кезектеги иш сапарыбыз менен Араван райондук суу чарба башкармалыгына баш багып, ушул тармактагы орчундуу маселелер, жетишкендиктер жана келечек пландар тууралуу мекеменин жетекчиси Алимов Мавлянжан Камалович менен кеңири маектештик.



- Мавлянжан Камалович, алгач райондук суу чарба башкармалыгынын негизги ишмердүүлүгү тууралуу айтып берсеңиз.

-Араван району толук кандуу агрардык аймак. Бул жерде дыйканчылык негизги киреше булагы болуп саналат. Ошондуктан сугат суусу биздин ишибиздин өзөгү. Биздин башкармалык райондогу 12 миңден ашуун гектар сугат жерлерди суу менен камсыз кылат.

Бул максатта биз 88 чакырым чарбалар аралык каналдарды, 68 гидротехникалык курулмаларды, 68 суу өлчөөчү түйүндөрдү жана 3 насостук станцияны эксплуатациялайбыз. Мунун баары-чоң жоопкерчилик жана үзгүлтүксүз эмгекти талап кылган система.

-2026-жылдын алгачкы айларында аткарылган иштерге токтоло кетсеңиз?

-Биз жыл башынан бери бир топ иштерди аткардык. План боюнча 6 чакырым канал механикалык тазалоодон өтүшү керек эле, иш жүзүндө 5,86 чакырым тазаланды. Бул жаман көрсөткүч эмес.

Гидротехникалык курулмалар боюнча 12 объектти оңдоо пландалса, анын 11и толук ремонттон өткөрүлдү. Гидропосттор боюнча 4 пландалса, 3ү бүткөрүлдү. Насостук станциялардын 3 агрегатын оңдоо каралган, анын 2си ишке ашты.

Мындан тышкары, 1,8 чакырым канал оңдолушу керек эле, учурда 1,31 чакырымы бүткөрүлдү. Бул иштер дагы улануда.

-Ички каналдарды башкармалыктын балансына өткөрүү боюнча кандай иштер жүрүп жатат?

-Бул абдан маанилүү маселе. 2026-жылы жалпы 355,07 чакырым ички чарбалык каналдарды өз балансыбызга өткөрүп алдык. Анын негизинде тазалоо жана калыбына келтирүү иштерин жүргүзүп жатабыз.

Бүгүнкү күндө ашар жолу менен 100 чакырымдан ашуун канал тазаланды. Экскаваторлор аркылуу дагы 100 чакырымдан ашык иштер жүргүзүлдү. Жалпысынан 210 чакырым канал тазаланып, план 105 пайызга аткарылды.

-Ири долбоорлор тууралуу айтып берсеңиз?

-Учурда бир нече ири долбоорлор ишке ашырылууда. Маселен, Дөбө-Коргон айылындагы “Дружба” насостук станциясы капиталдык оңдоодон өтүүдө. Бул үчүн республикалык бюджеттен 20 миллион сом бөлүнгөн. Ошондой эле Араван-Сай дарыясынан Какыр-Пилтан айылына суу жеткирүү үчүн Башкы-Найман каналынын башкы курулмасы боюнча долбоор даярдалды. Бул долбоордун баасы 950 миң сомду түзөт. “Мир” жана “Бахтияр” насостук станциялары дагы биздин балансга өткөрүлүп, учурда долбоордук иштер жүрүп жатат. “Мир” станциясын оңдоо үчүн 48 миллион сомдук смета даярдалды.



-Мавлянжан мырза, насостук станциялар боюнча көйгөйлөр барбы?

- Албетте, бар. Айрыкча Ак-Шар айылындагы “27 гидропост” насостук станциясы көйгөйлүү. Ал мурда менчикке өтүп кеткендиктен, учурда толук кандуу иштебей турат.

Бул объектти кайра мамлекеттик балансга өткөрүү аракеттери жүрүп жатат. Аны калыбына келтирүү үчүн тиешелүү жумуштар аткарылып жатат.

-Суу менен камсыздоо кандай системалар аркылуу жүргүзүлөт?

- Биз 5 негизги система аркылуу суу жеткиребиз: Араван-Сай дарыясы, Ак-Буура системасы, ЮФК каналы, Керкидан системасы, Найман суу сактагычы, Исфайрам каналы. Жалпысынан 20 миң гектардан ашуун жер ушул системалар аркылуу сугарылат.

- 2025-жылдын жыйынтыктары кандай болду?

-Өткөн жылы 97,951 млн. м^3 суу берүү пландалса, иш жүзүндө 97,305 млн. м^3 жеткирилди. Бул 99 пайыздык көрсөткүч.

Сугарылган аянт 44 миң гектардан ашып, 16 миллион сомдон ашуун кызмат көрсөтүлдү. Бул биздин кызматкерлердин үзүрлүү эмгегинин натыйжасы.

- Мавлянжан Камалович, 2026-жылга карата кандай пландарыңыздар бар?

-Алдыда чоң милдеттер турат. Жалпы 16,5 миллион сомдук иштерди аткарууну пландап жатабыз. Анын ичинде: Кара-Коргон каналын бетондоо, Каррак каналында бетондук полотно төшөө жумуштары, жаңы гидропосторду куруу кеминде 30 даана, насостук станцияларды оңдоо, каналдарды тазалоо. Мындан тышкары, сууну эсепке алуу системасын санариптештирүү негизинде суу өлчөөчү датчиктерди орнотуп, сууну бөлүштүрүүну автоматташтыруу негизги багыттарыбыздын бири.

- Сиздерде кадр маселеси кандай абалда?

- Бул эң чоң көйгөйлөрдүн бири. Бизде жалпы 80 кызматкер иштейт. Көпчүлүгү тажрыйбалуу адистер. Бирок, жаш кадрлар жетишсиз. Суу чарба тармагында билим алган адистер аз. Бул маселе келечекте олуттуу көйгөй жаратышы мүмкүн. Ошого карабастан, башкы инженер Руслан Момунов, башкы эсепчи Олтинай Джураева, бөлүм башчылар жана гидроучастка жетекчилери чоң жоопкерчилик менен иш алып барышууда.



- Суу чарба тармагындагы негизги көйгөйлөрдү кандай баалайсыз?

- Негизги көйгөйлөр-эски инфраструктура, каржы тартыштыгы жана кадр жетишсиздиги. Каналдардын көбү совет мезгилинен калган. Алар үзгүлтүксүз оңдоону талап кылат. Ошондой эле сууну туура пайдалануу маданияты дагы маанилүү.

- Акырында дыйкандарга жана коомчулукка кандай кайрылуу жасайт элеңиз?

- Суу-бул баарыбызга тиешелүү байлык. Аны сарамжалдуу пайдалануу ар бирибиздин милдетибиз. Дыйкандар менен тыгыз иштешип, сууну адилеттүү бөлүштүрүүгө аракет кылабыз. Эң негизгиси-түшүнүшүү жана биргелешкен аракет. Араванда суу агып жатса демек, турмуш улануда. Биздин суу чарба башкармалыгынын эмгеги көзгө анчейин көрүнбөсө да, анын натыйжасы ар бир түшүмдө, ар бир дыйкандын кубанычында чагылат.

Маектешкен:
Н.ӨМҮРЗАКОВА.

РЫСПАЙ ЖӨНҮНДӨ ЭССЕ ЖЕ АНДАН ЧЫККАН ОЙЛОР

(башталышы мурунку сандарда)

Чыгармачылык алгачкы чыйырын Кара-Кулжа маданият үйүндө баштады. "Кара-Кулжадагы Токтогул мектеп-интернатын бүтүп, ыр дүйнөсүнө биротоло баш койгон ошол жылдарды мен турмушумдагы бурулуш, тагдырымды ырга байланыштырган мезгил деп эсептейм. Жалал-Абад, Өзгөн театрларында, Кыргыз мамлекеттик филармониясында, айрыкча Ош мамлекеттик педагогикалык институтунда окуган, иштеген жылдарым – чыгармачылык мектебим, тажрыйба баскычтары болуп калды" – деп жазганы бар. Жараткандан берилген шык, зээндүүлүгү, туулган жердин сулуулугу, айлана-чөйрөдөн алган таасирлер, мына ушулардын баардыгы аны өзгөчө мотивдеги обондорду жаратууга түрткү бергендир. Алгачкы делген "Кыздын сыры" деген ыры 1959-жылы жазылган болсо, ага дейре да бир нече ыр жаратып, өзүнүн купулуна толбогондугунан улам, аларды репертуарынан алып салган.

Чыгармачылыгындагы эң орчундуу окуялардын бири Өзгөн театрында иштеп жүргөн жылдары аккордеонду устаты Мамат Оморовдон үйрөнгөнү болду. Бул киши мезгилинде аккордеон ойноо боюнча алдына киши салдырбаган адамдардын бири эле. Залкар талант андан үйрөнгөн өнөрүн жаңы бийиктиктерге алып чыгып, өрчүтүп, өнүктүрүп, ар бир жаңыдан жазылган чыгармасын укмуштуудай өзгөчөлөнгөн вариациялар менен кооздоп, элге алып чыга алды. Түпкүлүгү немец элинин аспабы болгон аккордеондун жамылай журтка сиңип кетишинде, албетте, Р.Абдыкадыровдун ролу абдан чоң. Комузду канчалык даражада барктасак, аакордеонду да ошончолук урматтап, сыйлап, өзүбүздүн аспабыбыздай мамиле кылып калдык.

"Ырдын пири – Рыспай" деп аталышынын да жөнү бар. Анткени обончулук өнөргө, музыка дүйнөсүнө Р. Абдыкадыров келгенге чейин кыргыздын салттуу музыкасы комуз менен аткарылып, нукура кыргыздын колоритинде жазылган болсо, анын келиши менен ырлардын диапазону кеңейип, аккордеон аркылуу вариацияланып, жаңычыл мүнөздөгү европалык кайрыктар менен толукталган. Сыягы, ааламдашуунун желаргысы ошондо эле башталган окшойт. Дагы бир чоң жаңылык, анын артынан ээрчиген шакирттеринин жоон тобунун пайда болушу, алардын катарына, обончулар Т.Казаков, А.Керимбаев, Ж.Алибаев, Т.Эшбаев, К.Темиров, Б.Тургунбаев, М.Бостонкулов, Ч.Сатаев, И.Жунусов жана дагы көптөгөн обончулардын атын атай берсек болот эле, башкача айтканда, анын обончулук мектебинин пайда болушун айтып жүрүшөт.

"Обончулардын ичинен чыгармачылыктын олимпинде эң узак өмүр сүргөн Р.Абдыкадыров болду. Ал дээрлик отуз жылдай ошол бийиктиктен түшкөн жок" – деп Түгөлбай Казаковдун айтканы бар. "Азыркы учурда Атай Огонбаевдин беш күүсү, беш обону ар дайым аткарылса, Р.Абдыкадыровдун жыйырма обону ар дайым ырдалат" – дегенин да уккам.

"Ит күлүгүн түлкү сүйбөйт" деген макал бар. Аны сыңары, залкардын тагдыры сыдыргыга салгандай шыдыр болгон эмес. Бетке чабар мүнөзүнүн айынан, кээ бир аны түшүнгүсү келбеген коллегаларына, бийлик төбөлдөрүнө жакпай, он жылга жакын аны сахнага чыгарышпай, ырларынын ырдалышына тыюу салынган убактар да болгон экен. Талантты убагында көтөрмөлөп, жөлөп турбаса өсүү болбойт дешет, мүмкүн, ошол жылдары кайгы, капага алдырып, чыгармачылыгына кедергиси тийген чыгар, бирок ага болбой көшөрүп, талыкпай эмгектенип, мыкты делген шедевр обондорун жарата берген. Мезгилинде ар кандай сыйлыктарга көрсөтүлсө да, аларды убагында беришпей, "Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти" деген наам да көп жылдары кечигип, аны 1988-жылы шакирттери Т.Казаков, А.Керимбаев менен бирге алган. Ошол окуя боюнча Т.Казаковдун мынтип айтканы бар: "Башкаларды билбейм, устатымдын бул наамды биз менен бир алышына, башкалар эмес, мен уялып турдум".

Залкар агабыз тирүү кезинде чыгармаларым ырдалбай калабы деп корккон. Жок, андай болбоду. 1991-жылы агабыздын элүү жылдыгы алгач Ош шаарында, андан кийин туулган жеринде салтанаттуу түрдө белгиленип, туугандары, эли-журту "Жигули" автомашинасын тартуулашты. 1994-жылы май айындагы Жалал-Абад шаарындагы "Рыспай клубунун" ачылышына, өзү, аялы Давлет, кесиптештери барып катышып, өмүрүндөгү эң орчундуу окуялардын бири болуп, клубдун китепчесине ыраазылык сезимин билдирип, жазып калтырган. Мына ошол жолу көнүлү көтөрүлүп, ырларынын келечеги бардыгына, ырдала берерлигине ынангандай болгон. Клубда Р.Абдыкадыровдун жеке архиви, элге белгисиз чыгармалары, 300дөн ашык обондору топтолгон. Жалал-Абад шаарында америкалык Винни Пааш волонтер болуп иштеп жүрүп, таланттуу агабыздын обондору менен таанышып, "Сагынуусун" жана бир нече ырларын аткарып жүргөн. Анын агасы Антони Пааш тарабынан "Сагынуу" деген ырына симфониянын жазылышы, музыка дүйнөсүндө эч кандай чекара болбостугунан кабар берет эмеспи. Жакшы ыр, жакшы обон кай жерде болсо да ырдала берет. Залкардын көзү өткөндөн кийин 60, 70, 80 жылдыктары жалпы кыргыз коомчулугу тарабынан белгиленип, алардын аншлаг менен өтүшү, элдин ар кандай катмарынан чыккан таланттардын, ошондой эле, жаш ырчылардын уламдан улам анын чыгармаларына кайрылышы, Рыспайдын ырларынын өлбөс, өчпөстүгүн далилдейт. Ошолордун катарына Ажике жайлоосундагы 1999-жылы жана 2004-жылдагы болуп өткөн Р.Абдыкадыровдун ырларын аткаруу боюнча конкурстардын өтүшүн да кошууга болот. Булардын ар биринде атактуу агабыздын ырлары белгилүү обончулар, таланттуу ыр ышкыбоздору тарабынан аткарылып, алардын бардыгы эл тарабынан татыктуу баасын ала алды. Ушул жерде белгилей кетчү нерсе, 1999-жылдагы Ажикеде өткөн конкурста сиз да өзүңүздүн бир ырыңызды толкунданууу менен окуп берип, элдин алкоосуна ээ болгонуңузду дасыккан адис эмес жөнөкөй видео сүйүүчү тарабынан тартылган видеодон көрдүм. Мында, гран-прини, улуу обончунун шакирти Ж.Алыбаев алган экен. Андан сырткары, "Оргуп чыккан ыр башаттын мүрөгү" аттуу ырыңыз да 2001-жылдагы Р.Абдыкадыровдун 60 жылдыгына арналган маарекеде байгелүү орунга илинип, булардын бардыгында Рыпайга болгон урмат сыйыңызды, сүйүүңүздү билдиргенсиз. Сиз эмне, ошол позицияңыздан кайттыңызбы, Маркабай ага?

"Ааламга кеткен жол айылдан башталат" демекчи, алгачкы кадамы Кызыл-Булак айылынан башталып, атагы таш жарып, бүткүл элдин сүймөнчүлүгүнө айланган, "Ырдын пири – Рыспайдын" экинчи өмүрү - кыргыз эли барында, кыргыз музыкасы жаңырып турганда улана берери чын. Ал жөнүндө далай чыгармалар, илимий изилдөөлөр, даректүү баяндар жазылар, кинотасмалар тартылып, анын ырлары окумуштуулар тарабынан изилденип, далай монографиялар, илимий эмгектер жазылар, анын өлбөс-өчпөс ырлары ар дайым созолонуп ырдала берер.

(уландысы кийинки санда)

Калил Орозалиев.

ТӨРТ КӨЧӨДӨ ТӨРТӨӨБҮЗ ...

(башталышы мурунку сандарда)

Мен Калдыбайга эмне болуп кетти дегендей жалт карадым. Баамымда ал Оморбектин жоруктарынан тажап кеткендей түр көрсөттү. Чогуу кирген Ысмайыл да Оморбектин түрүн кошо иштегендиктен күндө көрө берип, анын турпатынан тажагандай баягысы эле го дегендей кебетеленди. Абдимитал деле чайканада көп болот. Ошондон уламбы азыркы көрүнүш ага көндүмдөй эле болуп аткансыды. Канткен менен тээ бала чагыбыздан бирге эрезеге жеткенибиз, он жыл бирге окуганыбыз баарыбызды жипсиз байлаган деген раматылык Асилбектин сөзү аргасыздан эсиме кылт дей түштү.

Биз кандай тели-теңтуштардан экенибизди баамдаганга канчалык аракеттенсем да ой сырынын түбүнө жетүүгө баам парасатымдын акыры тунгуюк экендей сезилип туруп алат. Кай учурда канчалык кажаңдашсак да кайра эле таарыныч тариздерибиз болсо да болбогондой сезимдерибизден кайдадыр белгисиз тарапка сапар тарткан канаттуудай сен көрдүңбү же мен көрдүмбү калыбында калганыбыздан мунун түйүнүндө балалыктын наристе күндөрүнүн тазалыгы коргошундай уюганында окшойт деп ой таразалып каласын.

Чынында ошондой окшойт. Бул деле мукурагандан айтылган тариз да. Адамды жашоого жараткан да адам тура. Анан пенденин жашоосу анын кыймыл аракетине жараша болот бейм. Энеден жылаңач, жер бетине ыңаалаган абазы менен сүр көрсөтө төрөлгөн адам өз жашоосунда эмнелерди гана кылбайт. Ушул кыймыл аракеттин баарын жашоого төңкөрө күнөөлөрүн кечирсе экен деп улуу кудайдын кулубуз деген ичиндеги үмүттүү ойлору гана алдыга жетелегени жетелеген. Бул чексиздиктин алдында коколой башты эмнелер күтүп турганын нашкүл пенде кайдан сезсин. Бүдөмүк ойлор менен уланган белгисиз каңгы жашоого биз деле эч нерсени туйбастан келгенибиз анык го.

Анан мындай жан дүйнөңдү келемиштей кемирген күн саноодо өткөн, сан саналуу жылдардын тагы деле ар бирибиздин көкүрөк ачуу деми менен коштолсо керек деп ачык эмес ойлорго батасын.

Төртөөбүздүн деле, ал тургай жипсиз байланганбыз деген калган бир класста бирге окугандарыбыздын арасынан өзгөчө өзгөрүүгө дуушар болгонубуз болбоду окшойт. Бирок көптүн бири болууга тынымсыз баарыбыз аракеттендик го. Ушундай ойлордун учугун Оморбек кытыгылап койгонго уста. Анын мындай жөндөмдүүлүгү баарыбызды ойго салып койчу. Көзүбүз барыбыз жолукканда кимдин кайда экендигин уламалап сывызгы сала турмуш жагын, жашоо акыбалын аңтара сурабасак да, эсенчилигин тилеген таза үмүттөр менен сурап калмайыбыз бизге адат болчу.

Бир ирет ушундай жолугушууда Азизбек, кличкасы Каза, автобазада диспетчер болуп иштеген Жумабай анын да эркелеткен ысымы "Жашина Жукен" дегенди апасы Пазилакан, атасы Беки эркелете атаган ысымы эле. Бизге да анын ысымы жакчуу. Айта берсе ушундай тергелген аттар классташтарыбыздын баарында боло турган. Азыр ата сакал оозубузга кирсе да балалыктын бае сезимдери ошол күндөргө жетелейби андан чыга албадык. Ангыча Абдимитал арабызга келип калды. Анын да өзүбүзгө маалым "Жапардын Колочу" деп аталган бизге сүйкүмдүү ысымы бар...

Биз 1975-жылы мектепти 64 окуучу аяктаганбыз. Эки класс болчубуз. Окуу тарбия иши мектепте негедир азыркы менин баамымда жакшы болгон экен. Көрсө билим берүү эски калдыктуу муундан арыла билимдүү жогорку маалыматтагы адистүү агай, эжекелер бизге деген жакшы билимдерин аяган эмес тура. Ошентсе да адам, өзгөчө мектеп жашындагы тарбия алууга тартылган окуучулар көйгашка боло жакшы шарттарга карабай сабак окуучу эмес окшойт. Ушунданбы жогорку маалыматтуу болгонубуз саналуу гана болду. Көп жака алыстап кете албадык. Күнүмдүк көр турмуштун күрдөөлүндө жетеленгенибиз жашообуздун өзгөчө күрдөөлүнө айланганын өз баамымда сезип ичимден ириң жалагандай сыздаганым азыркыга чейин жан жанымда жашап келет.

Адамдын тар сезимде жашоосуна чөйрө да көп таасирин берет окшобойбу. Ошондон уламбы биздин муун замандын оңолгон учуруна туш келгендиктенби кур намыстуу жексур жанкечти муунга айланганыбыз апыртмалуу эмес го. Болбосо менин өзүмчө кыйнала берүүмдүн пайдасы канча. "Жоо кеткен соң, кылычыңды бокко чап" дегендей кеп да. Убагында айтылган сөздү, насаат тарбияны ала албаганыбыз биздин кемчилдик эмей эмине...

Жашообуз жаман өткөн жок. Кийген кийимибиз бүтүн, курсагыбыз ток болду. Мунунун ушундай экендигин өзүбүздүн далыбыз менен же болбосо жоон терибиздин далилинде сезип көрбөдүкпү. Ата энелерибиздин айткандарынан эле алардын жашоолору оор болгондугун сезгенибиз болбосо өз көзүбүз менен көргөн жокпуз. Жашообуз жаркын өткөнүнө сыймыктансак болот. Аларга окшоп айылдан райборборго жөө жалаңдап барбадык. Биздин көз алдыбызда айылдарга жолдор салынып, кубаттуу техникалардын жардамы менен жолдорго шагыл төшөлдү. Чарбаларда техникалар көбөйдү. Тээ түпкүрдөгү айылдарга чейин электр жарыгы жеткирилди. Радио түйүндөрү иштеди. Зым карагайга илинген радио репередукторлор тоо койнундагы айылдарда күнү түнү сезим эргиткен музыка ырларды жаңырта маалымат кабарларды байма бай жаңыртканын кантип унутабыз. Ушунун баары согуштан кийинки алтымыш жылдын аралыгында ишке ашкандыгын кантип ойдон оолактатууга болот.

Биз туулуп өскөн коом адам жашоосуна тегиздүү жыргал жашоону бергендигин кантип эстен чыгарабыз. Анан калса мектептеги жыргал бир партада олтурган күндөрүбүз, кызыктуу сабак өткөн билимдүү мугалимдердин аракети кантип эстен чыгат. Ошого карабай сабактан качканыбыз өз кебете кешпирибизди оңдоого аракет кылбагандыгыбыз ой санаабыздын пастыгы окшойт.

Расында көп нерсени өткөрүп жиберген экенбиз. "Жамандын акылы көсө болгондо кирет"дегендей таттуу жашоодогу бал каймактай балкыган мезгилди өткөрүп жибергендигибизге каплеттик кылганыбыздан не пайда. Ошентсе да өткөн өттү келээр чакты каршы алган жашоонун үмүтү менен үрүлбүрүл өмүрдүн өткөн маңызын тээ түпкүрдөгү элес караанын элдир селдир көрүүгө зарлаткан өмүр сабынын сызыгындагы сыдырылган жашоолор эми биз үчүн кайрылып келбестиги анык го.

Канткен менен ойлогон ойуңду, кыстаган турмушуңдун курмандыгына чала жашообуздун уланганы уланган бейм...

(уландысы бар)

М.Жуманазаров.

Кабар

Кибер кылмыштарга каршы күрөш



ОшМУнун бардык түзүмдөрүндөгү кызматкерлер жана студенттер үчүн кибералдамчылыктан коргонууга багытталган түшүндүрүү жана алдын алуу иш-чарасы өттү. Ага Ош шаардык ички иштер башкармалыгынын кибер кылмыштарга каршы күрөшүү бөлүмүнүн, “Элдик”банк, “Дос-кредобанк” жана “Альфа Телеком” өкүлдөрү, университеттин коомчулук менен иштөө жана жаштар саясаты боюнча проректору Нуржамал Мапаева катышты.

Адистер презентация аркылуу кибералдамчылыктын кеңири тараган түрлөрү тууралуу маалымат беришти. Атап айтканда, мессенжерлер аркылуу акча алдоо, жеке маалыматтарды мыйзамсыз пайдалануу, SMS-коддор аркылуу алдамчылык, жасалма документтерди колдонуу, ошондой эле катталбаган SIM-карталарды жана банк карталарын мыйзамсыз колдонуу боюнча мисалдар келтирилди.

Мындан тышкары, катышуучуларга киберкоопсуздукту сактоо, жеке маалыматтарды коргоо жана алдамчылык схемаларынан сактануу жолдору кеңири түшүндүрүлдү. ОшМУнун коопсуздук кызматынын башчысы Нурлаким Арзиев окуу жайда катталган учурларды талдап, эң көп кездешкен алдамчылык ыкмалары тууралуу айтып берди.

Иш-чаранын жыйынтыгында мындай түшүндүрүү иштерин кеңири жайылтуу зарылдыгы белгиленди. Ошондой эле “Кибералдамчылык бүгүн” аттуу лекциялар сериясын уюштуруу, эксперттер менен жолугушууларды улантуу, окуу процессине “Киберкоопсуздуктун негиздери” сабагын киргизүү жана кибер-ыктыярчылар кыймылын түзүү сыяктуу сунуштар айтылды.

Иш-чара университеттин коопсуздук кызматы тарабынан интернет аркылуу жасалган кылмыштардын көбөйүшүнө байланыштуу демилгелен-

З.Нуралиева, ОшМУнун басма сөз катчысы.

Прокурордук көзөмөл

Мыйзам бузуулар четтетилди

Кыргыз транспорттук прокуратурасы тарабынан 2025-жыл ичинде мамлекетке кайтарылган накталай зыяндар жөнүндө маалымдайбыз. Кыргыз транспорттук прокуратурасы тарабынан 2025-жылдын 12 айында «Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамында белгиленген ыйгарым укуктарынын чегинде иштер жүргүзүлгөн.

2025-жылдын 12 айында Кыргыз транспорттук прокуратурасы тарабынан мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөө жана коррупцияга каршы аракеттенүү багытында жалпы 53 текшерүү жүргүзүлүп, жыйынтыгы менен 208 мыйзам бузуулар аныкталган. Аталган мыйзам бузууларды четтетүү үчүн 89 прокурордук чара көрүү актылары келтирилген.

Ал эми, келтирилген прокурордук чара көрүү актыларды кароонун негизинде мыйзам бузуулар четтетилип, мамлекетке келтирилген 73 622 682 сом зыян акча каражаттары толугу менен кайтарылган. Кыргыз транспорттук прокуратурасы аталган багытта мындан ары дагы көзөмөлдү күчөтүп, иш алып барат.

Т.И. Искендеров,
Кыргыз транспорттук прокурорунун орун басары.

Жарыялар

Акционерлердин чогулушу

«Т.Каримов атындагы Өзгөн-Дан-Азык» ачык акционердик коому

2026-жылдын 16-майында саат 11-00дө акционерлердин жылдык жалпы чогулушу өткөрүлө тургандыгы жөнүндө маалымдайт

КҮН ТАРТИБИ:

1. Эсептөө комиссиясынын курамын бекитүү.
2. Башкармалыктын 2025-жылдагы финансы-чарбачылык иштери боюнча отчетун бекитүү.
3. Текшерүү комиссиясынын отчету.
4. Жылдык балансты, киреше жана чыгашанын эсебин бекитүү.
5. 2025-жылдын кирешелерин бөлүштүрүү, дивидендердин өлчөмүн жана төлөп берүү тартибин бекитүү.
6. 2026-жылдын бюджетин бекитүү.
7. Уставка өзгөртүүлөр киргизүү.
8. Аудитордук компания менен 2026-жылга аудитордук текшерүү боюнча келишим түзүү жөнүндө.

Каттоо паспорт менен саат 10-00дө жүргүзүлөт.

Дареги: Өзгөн шаары, Ленин көчөсү № 49 «Тулпар» АКун жыйындар залы.

***

16 мая 2026 года в 11-00 состоится годовое общее собрание акционеров АО « Узген-Дан-Азык им Т. Каримова» , которое будет проводиться по адресу г.Узген ул.Ленина 49 в актовом зале АО «Тулпар».

Повестка Дня:

1. Утверждение состава счетной комиссии.
2. Утверждение отчета Правления о финансово-хозяйственной деятельности Общества за 2024 год.
3. Отчет ревизионной комиссии.
4. Утверждение годового баланса и счета прибылей и убытков.
5. Распределение прибыли 2024 года.
6. Утверждение годового бюджета на 2025 год.
7. Внесение изменений в Устав Общества.
8. О заключение договора с аудиторской компанией о проведении аудиторской проверки за 2025 год.

Начало регистрации в 10.00. Явка с паспортом.

Правление.

Собрание акционеров

АООТ "Дарыгер" г. Узген ул В.И. Ленина №138 ИНН 01605199510040 проводит годовое собрание акционеров которое состоится в 14-00 часов 18 май 2026 года по адресу г. Узген ул В.И. Ленина №138 со следующей повесткой дня:

1. Отчет директора АООТ "Дарыгер" по результатам работы за 2025 год.
2. Отчет ревизионной комиссии за 2025 год.
3. Утверждение годового баланса, счета прибыли и убытков.
4. Выбора директора АООТ "Дарыгер" г. Узген за 2026 год.

Явка акционеров производится по паспорту.

Акционерлердин чогулушу

"Дарыгер" ААК Өзгөн шаары В.И. Ленин көчөсү №138 ИНН 01605199510040 18 май 2026 жылы саат 14-00дө акционерлер чогулушу Өзгөн шаары В.И. Ленин көчөсү №138 дарегинде төмөндөгү күн тартибиндеги маселе боюнча каралат:

1. 2025 жылдын жыйынтыгы боюнча "Дарыгер" ААК директорунун отчету.
2. 2025 жылы боюнча ревизиялык комиссиянын отчету.
3. Бир жылдык балансты бекитүү, пайда зыянды эсептөө.
4. 2026 жылга "Дарыгер" ААК директорун шайлоо.

Акционерлердин катышуусу паспорт аркылуу жүргүзүлөт.

Акционерлердин кезексиз чогулушу

Пазыл Саипжанов атындагы «Тулпар» ААКмунун Директорлор кеңеши, коомдун акционерлеринин кезексиз жалпы жыйыны 2026-жылдын 20 май күнү саат 10.00-дө коомдун жыйындар залында болорун кабарлайт. Акционерлерди каттоо паспорт аркылуу 9-00дө баштап 10-00гө чейин жүргүзүлөт. Дареги; Өзгөн шаары, Ленин көчөсү-49.

КҮН ТАРТИБИ:

1.Жыйналыштын эсептөө комиссиясын шайлоо.

2. «Тулпар» акционердик коомунун мүлкү жөнүндө.

***

Совет директоров ОАО «Тулпар» им.Пазыла Саипжанова сообщает, что мая 2026-года 20 мая в 10.00 часов, по адресу г.Узген ул. Ленина-49 в зале заседаний общества, состоится внеочередное общее собрание акционеров, форма очная. Регистрация акционеров по паспорту с 9-00 до 10-00 часов.

ПОВЕСТКА ДНЯ:

1.Избрание счетной комиссии собрания.

2.Об имуществе АО «Тулпар»

Аукцион

Кара-Суу районунун Манас айыл өкмөтүнүн Нариман айылында жайгашкан 939,3 чарчы метр муниципалдык менчикте турган жер аянты торук аркылуу ижарага берилет. Торук 2026-жылдын 22-апрель күнү саат 15-00дө Манас айыл аймагынын имаратында өткөрүлөт.

Жараксыз деп табылсын

Атамкулов Майрамбек Жамалдиновичке таандык айдоочулук күбөлүгкө тиешелүү өздүк карточкасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Считать не действительным

В связи с утерей бланки для разрешений грузоперевозок (дазвол) ОсОО “ИНВЕСТ ТРАНС”

1. Узбекстан 3-х сторонний 52701 считать не действительным.

Жараксыз деп табылсын

ОшМУ тарабынан Абусвелем Ахмедге берилген УВ № 210030809, каттоо № 95 болгон дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

С. Б. Данияров атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институту тарабынан Ахмед А. А. Абусвелемге серия № 240006736 каттоо № 235 болгон ординатурадан өткөндүгү боюнча берилген сертификаты жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Ош жаңырыгы
Ош облустук коомдук-саясый гезити

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

Башкы редактор:
КАРАКОЗУЕВ Асанбек Курманбекович

Жооптуу катчы:
Канымжан Кыдыралиева

Нөөмөтчү
А. Матиева

Гезит Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде катталган.
Катталуу күбөлүгү
213623-3310-У-е
Жазылуу индекси:
68420

Реквизиттер:
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371
ОАО "Айыл Банк"
Бик: 135033
Р/эсеп: 1350470020053657

Дареги:
723500, Ош шаары,
Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

Байланыш:
Кабылдама: **7-13-34**
Жооптуу катчы: **7-10-02**
Жарнак бөлүмү: **7-11-31**
E-mail: **oshjan@mail.ru**

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды.
"Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

Буюртма №: 416
Нускасы: 1800

МЕКЕНЧИЛДИКТИ КАЛЫПТАНДЫРУУ МЕКТЕПТЕН БАШТАЛАТ

Учурдагы глобалдашуу шартында жаштарды ар тараптуу өнүктүрүү жана тарбиялоо маселеси билим берүү системасынын артыкчылыктуу багыттарынын бири болуп саналат. Өзгөчө жаш муунду мекенди сүйүүгө, мамлекеттик жана улуттук баалуулуктарын урматтоого багыттоо коомдун туруктуу өнүгүүсүнүн маанилүү фактору. Жалпы билим берүү мекемелериндеги аскерге чейинки даярдык (АЧД) предмети окуучулардын аскердик – патриоттук аң-сезимин калыптандырууга, жарандык позициясын бекемдөөгө, ошондой эле алардын физикалык даярдыгын жана турмуштук коопсуздук көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган комплекстүү педагогикалык курал болуп эсептелет. Мындан тышкары, АЧД предмети жаштарды келечектеги аскердик кызматка жана жарандык милдеттерди аткарууга алдын ала даярдоонун негизги баскычы болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын билим берүү системасында АЧД предметин окутууда бир катар көйгөйлөр сакталууда. Аларга окуу-усулдук камсыздоонун жетишсиздиги, материалдык-техникалык базанын чектелгендиги, ошондой эле мугалимдердин теориялык жана практикалык даярдыгын өркүндөтүү зарылдыгы кирет. Бул маселелерди чечүү билим берүүнүн сапатын жогорулатуунун маанилүү шарты болуп саналат.

Аталган көйгөйлөрдү жоюу жана алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды жайылтуу максатында Ош облусунда АЧД мугалимдеринин облустук семинары Алай районунда уюштурулду. Ош билим берүү институтунун 2026-жылы үчүн түзүлгөн иш планына ылайык, 2026-жылдын 8-апрелинде Алай районундагы №6 Бөдөш Аданбаева атындагы жалпы билим берүү мекемесинде өткөрүлдү. Семинарга Ош облусундагы Араван, Алай, Кара-Кулжа, Кара-Суу, Ноокат, Өзгөн жана Чоң-Алай районорунан 45тен ашуун райондук билим



берүү бөлүмүнүн өкүлдөрү, АЧД предметинин секция жетекчилери, АЧД мугалимдери жана Алай районундагы аскер бөлүктүн өкүлдөрү катышты.

Семинардын алкагында Алай районунун борборундагы “Жеңиш” паркында Баткен окуясынын катышуучусу, “Ата мекен баатыры” М.Сулаймановдун эрдигин эскерип, анын эл алдындагы аткарган эмгегин баалап, жаштарга мекенчилдик сезимди, өлкөгө болгон жоопкерчиликти калыптандыруу максатта эстелигине гүлчамбар коюлду.

Ош билим берүү институтун координациялык иштер боюнча орун басары, АЧД, дене тарбия курсунун жетекчиси Бөрүбаев Абдилажан жана Алай райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы Болот Таиров мугалимдерди семинарга активдүү катышууга, алган билимдерин мектептеринде жайылтууга чакырды.

Семинар учурунда мугалимдердин алдыңкы иш-тажрыйбалары жайылтылып, алар практикалык жана теориялык сабактар түрүндө көрсөтүлдү. Алардын мазмуну заманбап талаптарга ылайык түзүлүп, окуучулардын билим алуусуна багытталган интерактивдүү жана практикалык ыкмаларды камтыды.

Мисалы, С.Молдокулов атындагы жалпы билим берүү мекемесинин АЧД мугалими Асанов Урустамдын окуучуларда мекенчилдик сезимди, аскердик-патриоттук тарбияны калыптандыруу менен, тарыхый эрдиктерди урматтоого, баатырлардын каармандыгын баалоого үндөгөн “Эрдик эч качан өчпөйт” аттуу сахналаштырылган эскерүү сабагына күбө болушту. Сабак жандуу, сахналаштырылган, ар бир катышуучунун жүрөгүн элжиреткен көз ирмемдер менен көпчүлүктүн эсинде калды.

№18 А.Тукеев атындагы жалпы билим берүү мекемесинин АЧД мугалими Бөкөнов Өмүрбектин “Азыркы замандагы согуштун өзгөчөлүктөрү” деген темадагы сабагында заманбап технологиялардын, анын ичинде дрондордун, маалыматтык коопсуздуктун жана мобилдүүлүктүн ролу талдоого алынды. Бул сабак окуучулардын аналитикалык ой-жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө жана глобалдык процесстерди түшүнүүсүнө шарт түзөт.

Ал эми №21 Ш.Сатиев мектебинин АЧД мугалими Калчабаев Насипбетин “Жүрөктүн иштешинин жана дем алуунун токтоп калуусун аныктоо” темасындагы сабак окуучуларга биринчи медициналык жардам көрсөтүүнүн негиздерин үйрөнүүгө багытталып, практикалык көндүмдөрдү калыптандырууда маанилүү роль ойнойт.

Дүйшөбаев Адандын “Азимуттук багытты аныктоо” темасындагы сабак болсо окуучулардын мейкиндиктик ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө, карта жана компас менен иштөө жөндөмдөрүн калыптандырууга, ошондой эле өзгөчө кырдаалда туура чечим кабыл алуу жөндөмүн арттырууга багытталган.

Семинардын жыйынтыгында катышуучулар тарабынан АЧД предметин окутууну жакшыртууга бир катар сунуштар берилди. Алардын негизгилери катары окуу процессинде практикалык багытты күчөтүү, визуалдык жана техникалык каражаттарды пайдалануу, интерактивдүү окутуу ыкмаларын колдонуу ж.б.

Семинарды уюштурууда өзгөчө салым кошкон Апылаева Кенжекан жетектеген №6 Б.Аданбаева атындагы мектеп мекемесине жана АЧД мугалими Алмаматов Бакытбекке Ош билим берүү институтунун ыраазычылык каттары ыйгарылды.

Аскерге чейинки даярдык предмети мугалимдеринин семинары жөн гана жолугушуу эмес, мугалимдердин теориялык билимдерин тереңдетүүгө, практикалык көндүмдөрүн калыптандырууга, тажрыйба алмашууга, ой-пикир, сунуштары менен бөлүшүүчү аянтча болуп берди. Мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатуу жана алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды жайылтуу бул багыттагы иштердин натыйжалуулугун арттыруунун негизги фактору болуп эсептелет.

Нуржамал ТААБАЛДЫЕВА,
Ош билим берүү институтунун “Билим берүүдөгү менеджмент” кафедрасынын башчысы.

Жаңы китеп

БЕЙИШКЕ КЕТЧҮ КЫЯ ЖОЛ

Адам баласынын тагдыры кээде туулуп-өскөн жеринен алыс, чоочун эл, бөтөн жерде чийилет экен. Бирок канчалык алыс кетпесин, жан дүйнөсү мекен деп согуп, ар бир кадамында Ата Журтун кошо алып жүргөн инсандар аз эмес. Мына ошондой тагдыр ээлеринин бири — көп жылдардан бери Россиянын Тюмень облусунда эмгектенип, турмуштун ысык-суугун баштан кечирип келе жаткан калемдешибиз Анарбек Мусаев.

Ал эми колуңуздардагы анын "Бейишке кеткен кыя жол" деген ырлар жыйнагы — жөн эле ырлардын топтому эмес, алыстагы мекендин ысык деми. Бөтөн жердин ызгаардуу суугунда мекендин жылуулугун издеген, сагынычтан куралган дил баяны. Бир гана адамдын эмес, бүтүндөй бир доордун, атадан балага өткөн ыйык аманаттын жемиши. Бул — автордун атасы, кезинде райондук, областтык, республикалык гезиттерге макалалары чыгып, бирок "бир китеп жазсам" деген тилеги ишке ашпай кеткен Төлөн аксакалдын асыл арманынын орундалышы.

Мусаев Анарбек Төлөнович — Кара-Кулжанын 1-Май айылында туулуп, Совет доорунун асыл баалуулуктарын бойго сиңирип өскөн инсан. Ал үчүн миграция — бул жөн эле жумуш издөө эмес, бул сыноонун жана адамдык эрктин чоң мектеби. Автордун ырларында мигранттын тагдыры, таң аткандан күн батканга чейинки түйшүктүү күндөрү жана ошол эле учурда адамдык бийик сапаттарды сактап калууга болгон умтулуусу ачык чагылдырылган.

Автор өзүнүн ыр жазып калуусун атасынын жана агасынын таасири катары баалайт. Өзү басып өткөн катаал жолду, көргөн-билгенин жүрөктөн чыккан ыр саптары менен баяндайт. "Бейишке кеткен кыя жол" деген аталыштын өзүндө эле чоң маани, философия жатат. Бул жердеги "Бейиш" — балким, балалык өткөн айылы, ата-энесинин кучагы же таза сезимдерге толгон өтмүш.

Тюменде чейрек кылым убакыт жашап жүрсө да, анын Кыргызстандын паспортун алмаштырбай, жүрөгүндө Ата Журтуна болгон берилгендигин сактап келе жатканы — бул накта мекенчилдиктин үлгүсү. Ыр менен өзүнө сооронуу издеген автордун бул эмгеги — алыста жүргөн ар бир кыргыздын тагдырына окшош.

Анын ырлары окурмандарды турмуштун маңызын түшүнүүгө, жакындардын кадырына жетүүгө жана кандай гана кыйынчылык болбосун, адамдык касиетти жоготпоого үндөйт. Автордун тагдыр жолу — "кыя жол" сыяктуу татаал болсо да, анын поэзиясы ошол жолду жарык кылып турган шам чырак сыяктуу. Авторго чыгармачылык ийгилик, бекем ден соолук жана ар дайым мекени менен бирге болуусун каалайбыз.

АДАМЗАТЫ

Тууганың тутумдашпайт тажаткандан,
Көр дүйнө зер көрүнүп адашкандан.
Көзүңдү ач, көкүрөккө кир токтотпо,
Көп берет, аз сурасаң жараткандан.

Саат жылат биз кыймылсыз турсак деле,
Кел досум ойлонолу андан көрө.
Коңшунун коюн санап оору болдуң,
Дүйнө деп ашырганың ошол беле.

Эгемде кумурсанын эсеби бар,
Кумда да жем ташырга өтөөнү бар.



Бирөөнүн ырыскысы сеники эмес,
Өзүңдүн тиешеңди көтөрүп ал.

Дүнүйө деп дос жарга баспай калдың,
Сокур болгон көкүрөктү ачпай калдың.
Өлдүң сен тойлоп жүрүп, басып жүрүп,
Адамдык касиет жок ачка калдың.

Өйдө сезип өзүңдү башкалардан,
Өбөктөп дүнүйөңө артта калдың.
Пенде көөнү сазга айланды, эмне болот,
Шаани күтүп бир- бирин талап тоноп.

Жесем деп жемиресиң айланаңды,
Жер Эне чыдап келет не онтолоп.
Көп эле булгай бербе абийириңди,
Бул жашоодо бололу сыйлуу конок.

Эсеп жетпей башым маң уйку качат,
Ким чабал? Заманабы, сенби, менби.
Адам ата жаралган шол замандан,
Уурулуктан бөлөк бизге эмне келди.

Айланам бүт ичи тарлык көрө албастык,
Айраң болдум дагы айтам эмнелерди.
Жараткандын жазмышынан кайда качтың,
Зынаадан башың чыкпайт, нени таптың.

Адамзат алгалады деген менен,
Акылың чирип, былгып, ташты каптың.
Акчага азгырылып дуулап жатып,
Билбей калдың арзанга бергениңди.

Акылың түгөндүбү, болсо айтмак,
Дүйнөгө жыпжылаңач келгениңди.

ЖАКШЫ АДАМДАР

Баары бир көп адамдын жакшылары,
Көр пендеге көрүнсө жакшы жагы.
Акырын угуп тыңшап айткан кебин,
Ачыла түшөт жолуң астыдагы.

Унчукпай кулак салсаң чечмелесең,
Жолуңдан жылдырасын ташты дагы.
А балким кошунадыр ошол адам,
Менде күнөө жакшылыгын сезбей калсам.

Алтымышта меңдеги аз акылга,
Кошуп алып көкүрөккө түйүп алсам.
Кемибейт андан анын бийиктиги,
Берсе акылын үнөмдөп жыйып алсам.

Жолумдан жолоочудай жолукса экен,
Мен дагы көр пендемин байкар бекем.
Далай жаш жашасам да мага кызык,
Жакшы деген белгиси эмнеде экен.

Жакшынын аалам дешет көкүрөгү,
Чын эле көрбөй калбай сезсем экен.

А.САПАРБАЕВА.